№ 2703-ФХД/22 06.07.2022

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**БУЙРУК**

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 30-июнундагы № 9 протокол) «Магистратура жана PhD докторантура программаларын даярдоонун абалы жана алдыдагы милдеттер» деп аталган № 2 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам**:

1. «Магистратура жана PhD докторантура программаларын даярдоонун абалы жана алдыдагы милдеттер» жөнүндөгү магистратура жана (PhD) докторантура департаментинин директору, техникалык илимдеринин доктору, профессор И.Г. Кенжаевдин билдирүүсү эске алынсын.
2. ОшМУнун 28-29-30-бюллетендериндеги жоболорду жаңы стандарттардагы өзгөрүүлөргө дал келүүсүн редакциялоо магистратура жана PhD докторантура департаментине милдеттендирилсин.
3. Магистратурада 2021-жылдагы жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен окутулуучу билим берүү программаларынын өздөштүрүү мөөнөтүнө карата лицензияларды алуу тиешелүү факультеттерге жүктөлсүн.
4. Магистратуранын программалары боюнча НББПларды жаңы стандарттагы талаптарга ылайык түзүү университеттин ОМКсына, программа жетекчилерине жана бүтүрүүчү кафедраларга жүктөлсүн.
5. Эл аралык алмашуу программаларынын алкагында магистранттардын жана PhD докторанттардын мобилдүүлүгүн, кош диплом алуу программасын өркүндөтүү боюнча иш-чараларды уюштуруу тиешелүү жетекчилер тарабынан көзөмөлгө алынсын.
6. Окутуунун сапатын жогорулатуу максатында республикабыздагы жана чет өлкөлөрдөгү белгилүү профессорлорду чакыруу же онлайн режимде сабак өткөрүү кеңири практикалансын.
7. Окуу процессинде окутуунун инновациялык технологияларынын колдонулушун жакшыртуу максатында компьютердик жана окуу процессине керектүү техникалык жабдуулар жана каражаттар менен камсыз кылуу мындан ары да жогорулатылсын.
8. PhD докторантуранын программаларын өздөштүрүүнүн мыйзамдуулугун камсыз кылуу максатында жетишпеген жетектөөчү жана ченемдик документтерди иштеп чыгуу, бекитүү жана окуу процессине киийрүү магистратура жана PhD докторантура департаментине милдеттендирилсин.
9. Университеттин илимий-педагогикалык потенциалы анализделсин; PhD программасынын жаңы багыттары боюнча лицензия алынсын; ал багыттарга PhD докторанттарды кабыл алуу ишке ашырылсын.
10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу окуу иштери боюнча проректор, доцент З.С. Божоновго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы.*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021